ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ИСАЕВА
nbknu@mail.ru

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫ: ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА ӨНҮГҮШ БАГЫТТАРЫ

Заман дайрадай оодарылып кетти. Кол созсоңор эле коммунизимге жетебиз деп коммунизмдин ынанган куруучуларын тарбиялаган кайран социализм да тарыхтын бир бүктөмүндө кала берди. «Рынок экономикасы» деген масканы бетине жамынып капитализм эшикте ээн жердин бөрүсүндөй «эркелеп» турган кези.

Мына ушундай коомдук формациянын алмашышы, экономикалык мамилелердин түп тамырынан бери өзгөрүшү, кечээки баалуулуктар менен көркөм нарктардын бүгүн өзүнүн принципиалдуу жүзүн жоготуп отурушу, адабиятыбызды да кошо өзгөртүп, жаңы доордо жаңы адабияттын пайда болушун алып келди. Себеби, ар бир коомдун, доордун социалдык-экономикалык, коомдук-психологиялык шарттары адамдын дүйнө кабылдоосуна таасирин тийгизбей койбойт. Ошондуктан, акын болобу, жазуучу болобу өзү жашаган коомдун күрөө тамырын кармап, көргөнүн жазары да чын. Анын үстүнө адабият менен искусство жаралгандагы эле талабы адам дүйнөсүнүн күзгүсү болуп саналат эмеспи. Мына ушул жагынан алып караганда да бүгүнкү акын, жазуучуларыбыз да азыркы доордун «көзү» менен карап жаза баштады.

Мамлекетибиз эгемендүү болуп, сөз эркиндигине ээ болгонубуз бир эсе кубанычтуу болсо, экинчи жагынан эң өкүнүчтүүсү жалпы менчикти жоюу маселесине келгенде кечиримсиз каталардын келтирилиши элдин жашоосун кескин өзгөрттү. Эл бай, кедей деп экиге бөлүнүп, өз айласын таппай калган өлкөбүз маданият менен адабиятка эч көңүл бурбай, ар кимиси өз арбайын сого баштады. Каржылоонун жоктугунан китептер, адабий журналдар, адабий гезиттер жарык көрбөй, элдин көбү кара курсакты тойгузуунун камында болду. Натыйжада акчасы барлар «акын», «жазуучу» болуп чыга келди. Алар том-том сырты жалтырак, ичи калтырак китептерин чыгарып, көркөм чыгарма да «товар» катары пайдаланыла баштады. Басмаканалар да коммерциялык мүнөзгө өтүп, акчасын алып келгендердин китептерин көркөмдүк жагына эч көңүл бурбай чыгарууга өтүштү. Бул убакта таланттуу акын, жазуучулардын көбү китептерин чыгара албай отуруп калышты.

Мындай адабиятка болгон өгөй мамиле экономикалык жактан жакырланып, муңкурап турган элди руханий жактан ого бетер жакырлантты. Мурунку совет мезгилиндегидей беш миң, он миң нуска менен китеп чыкпай, элге чыныгы көркөм адабий китептер жетпей, анын ордуна коммерциялык мүнөздөгү «Бриллиант жылан», «Министрдин кызынын махабаты», «Өгөй кыз» ж.б.у.с. көптөгөн китептер популярдуу болуп, жаштарыбыздын көркөм чыгармага болгон табитин төмөндөтүп жатат. Ал эми радио менен телевидение бирин-бири жамандаган саясатчылар менен «шоу бизнестин» «жылдыздарынан» адабият менен искусствого орун тийбей калды. Өзгөчө компьютердин заманында радио, телевидение, интернет сыяктуу маалымат каражаттарынын тездик менен өнүгүшү сыяктуу факторлор да адабий кризиске алып келишине мүмкүн экенинин көрсөттү. Ошондуктан, көркөм адабияттын адамдын адам болуп калыптанышындагы кызматы, таасири, аткарган милдети зор экенин келечек муунга кеч боло электе түшүндүрүү бүгүнкү күндүн кечиктирилгис чоң проблемаларынын бири.

Ошентип жаңы доордо да бул ишке баш оту менен киришип, ырсыз өмүр сүрө албай калган акындарыбыз гонорарга да ыраазы болуп, тойо ичип жебесе да, аз нускада болсо да китептерин чыгарып иштеп келе жатышат.

Ырас, азыркы кыргыз поэзиясы совет мезгилиндегидей көркөмдүк-эстетикалык жактан бийик өсүп, өнүгүп кетпесе дагы бүгүнкү күндө окула турган жыйнактардын чыгып жатканы талашсыз. Бирок, ал китептер, элге жетпей жатат, анткени өтө аз нускада

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

чыгып, ал кичинекей бир гана чөйрөдөн чыкпай калууда. Ал китептерди жөнөкөй окурмандар эмес, изилдөөчүлөр таппай кыйналууда. (Бул жагынан да маселе абдан көп).

Жогоруда белгилеп өткөндөй акыркы он-он беш жылдын ичинде проза менен драматургияга караганда поэзия көп иштелди. Аны 1990-2000 жылдары жарыкка чыккан төмөнкү китептердин тизмеси көрсөтүп турат. Алар: Н.Байтемировдун «Махабат нуру», «Кылымдар деми», «Махабатым-элим жерим, ата –тегим», С.Жусуевдин «Күмүш булак», «Адамдар». Э.Ибраевдин «Эсенгулдун ырлары», «Чыгармалар жыйнагынын төрт томдугу», С.Эралиевдин «Кезиктиң күүлөр ээси поэзия», «Ак таңдар», Ж.Садыковдун «Кеч күздөгү мөмөлөр», О.Султановдун «Жан берели сүйүүгө», «Ашуу төр», «Чыгармаларынын көп томдугу», Э.Турсуновдун «Автопортрет», А.Өмүркановдун «Күндөгү так», «Асмандуу жылдар», «Тушалган чагылган», «Чыгармалар жыйнагынын эки томдугу», Ш.Дүйшеевдин «Арабадагы ыр», «Шакен азган», «Шамал», С.Абдыкадырованын «Таң нуру», А.Жакшылыковдун «Тандалган чыгармалардын беш томдугу», С.Тургунбаевдин «Күндүн көзү», Ү.Асаналиевдин «Чыгармаларынын үч томдугу», К.Артыкбаев «Дил сыры», Н.Алымбековдун «Чыгармаларынын үч томдугу», Б.Алыбаевдин «Катаал күндүн ырлары», Т.Бекболотов «Муздак тамчылар», К.Култегин «Жүрөк конушу» ж.б. бул кийинки жылдары чыккан ыр жыйнактардын толук эмес тизмеси. Мындан сырткары орто жана жаш акындардын, акын кыздарыбыздын бир топ жыйнактары жарыкка чыгып, бүгүнкү күндө пикир айтууга муктаж болуп турган убагы. Ошондой эле бул жер жайнап чыгып аткан ыр китептердин көбүндө жаңыча ой айтууга, жанрдык-стилдик жактан көп түрдүүлөнө баштаганына карабастан жарк этип чыккан талант көрүнө электиги бизди өкүндүрөт.

Жогорудагы саналып өткөн өткөөл мезгилде жарык көргөн китептердин көбүндө заман жана сүйүү темасы кайрандан жанданып, көп иштелип, жаңы мазмунга ээ болгондугу ачык көрүнөт. Мисалы Н.Байтемиров «Кылымдар деми» жыйнагында ал өзүн чыныгы акын катары көрсөтүп, ырларынан адам баласынын ички жан дүйнөсүндөгү ыймандык тазалыгы, ак ниеттик менен кара ниеттик, күнүмдүк тиричилик, заман жөнүндөгү философиялык омоктуу ойлорду арбын кездештирүүгө болот. Анын «төрт сап», «эки сап», «бир саптан» турган ырларында да терең мазмунду берүүгө жетишип, өзгөчө «бир саптан» турган санат насыят ырларына жакын ырларында да конкреттүү, предметтүү, образдуу айтууга жетишет.Ал эми “Шабдан”, “Байтик” жөнүндө дастандары бир топ эргүү менен жазылса да, бул тарыхый инсандардын образы көркөм ачылбай калган.

Эгемендүү жылдары мурунку мегилдегидей эле көп эмгектенип, ыйык адамкерчиликке, элинин келечек бейпилдигин тилеген татынакай ырларды жана “Курманжан датка” аттуу ыр менен жазылган романын тартуулаган С.Жусуевдин да эмгеги зор. Ал эми Ж.Садыковдун “Кеч күздөгү мөмөлөр” аттуу жыйнагында жакшы менен жаманды, турмушту терең талдаган философиялык мазмундагы ырларын жан дүйнөнө бүлүк салбай окуй албайсың. Тактап айтканда, бул жыйнак акыркы жылдардагы поэзия жанрындагы эң ири чыгармалардын бири болуп калды.

Эгемендүү жылдарда айлана-чөйрөдө болуп жаткан оомал-төкмөл дүйнөнүн оош-кыйышына баа берүүдө көз карашынын ачык-айкындыгы менен айырмаланган А.Өмүрканов болду. А.Өмүрканов “Күндөгү так”, “Асмансыз жылдар”, “Тушалган чагылган” жыйнактарындагы эмоционалдуу жана шакардай кайнаган жан дүйнөнүн илептүү табы, көркөм ой-чабытынын түпкүрүнөн чыккан күчтүү, чынчыл, сынчыл үнү заман темасына арналып жазылган ар бир ырында даана сезилет. Акын элдин келечеги үчүн чындыкты ханынын астында да кошоматтанбай айта аларын, кара курсак үчүн жасакерленбестиги, Ата мекен деп соккон акындык чынчыл жүрөгүн ырларында дагы бир жолу тастыктады. Акын “Күндөгү так” жыйнагындагы “Кыйкырамын келечекке, эртеңге”, “Күйгөн жүрөк”, “Жан бузулбай жаратылышы бузулбайт”, “Айылдагы доско” ж.б. көптөгөн ырларында азыркы оор турмушка философиялык багытта ой жүгүртсө, “Өтөсүңбү сен менин партияма”, “Айткылачы, бул эмне?!”, “Эх элим ай” ж.б. ырларында

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

заманга жараша адамдардын психологиялык жактан өзгөрүшүн ачык, даана элестетсе, ал эми, “Эртең ойлоп”, “Кыргыз өлкө”, “Кылмышкерди кармаганда колдору”, “Жалбаруу” деген ыраларында турмушта болуп жаткан жанга баткан көрүнүштөрдү ачык даана , таамай сүрөттөйт. Ал эми акындын кийинки “Асмансыз жылдар” жыйнагында заман жөнүндө көз карашынын туруктуулугу, бекемдиги байкалат. Мындай күчтүү патриоттук сезим менен жазылган ырлары айлана-чөйрөбүздө болуп жаткан турмуш-тиричиликтин оош-кыйышына кайдыгер карай албаган дили тирүү ар бир инсандын жан-дүйнөсүнөн орун алат. Бул жыйнактагы “Кандагы кыйкырык” деген бөлүмгө бүт заман темасындагы ырларын топтогон. Андагы “Кыргыз”, “Төрт куурчак жөнүндө” , “Дүжүр чалдар”, “Түнкү кобур”, “Кайырчы”, “Базардагы кыргыз балдары”, “Кемпай”, “Эл куту”, “Кандагы кыйкырык” ж.б. мурдагы жыйнагынан дагы курч, чынчылдык менен сүрөттөгөн ырларында А.Өмүрканов турмушка терең сүңгүп кирип, чындыкты туура көрсөтүп, ырдын формасын жөнү жок татаалдантпай мазмундун тереңдигине көңүл бөлөт.

Мына мындай заманга мүнөздөмө берүү адилеттик үчүн күрөшкөн чынчыл поэзияда гана ишке ашмак. Биз кечээ бирде поэтикалык чыгармалардын түбөлүктүү деп аталаган темаларга (өмүр, өлүм, турмуш, жашоо, тирүүлүк, адилеттик, арамдык, чынчылдык, боорукерлик, сүйүү, достук ж.б.) байланыштуу жакшы жазылгандарды аздектеп чыныгы поэзия деп мүнөздөп келебиз. Ал эми коомдук турмуштун чындыгын чагылдырган ырларды саясатка байланыштуу жаралган деп, күнүмдүк жашоосу бар гана чыгармалар катар мүнөздөгөн учурларыбыз кездешет. Ал эми поэзия коомдук турмушка активдүү аралашып анын алдыңкы сабында жүрүп, элдин ички жан дүйнөсүндө кайнап жаткан ой-санааны, үмүт тилекти, күрөш аракетти туура чагылдырып берүүсү керек. Поэзия ошондо гана коомдун эң башкы милдетин аткара алат, коомдук аң сезимдик кыймылына күчтүү таасир эткен көркөм сөз катары дайыма аздектелет.

Мына буга жогоруда сөз болгон акындын ырлары ачык күбө эмеспи. Эгерде бул заманды Н.Байтемиров “Кутурган заман” десе, Артыкбаев “Теңсиздик өкүм сүргөн”, “Кар заман” деп мүнөздөсө, А.Өмүрканов мындайча сүрөттөйт:

Кутурган иттей тилин салаңдаткан,
Алдуусу алы жогун канжалаткан.
Эсти оодарып жардан чыга калгансып,
Эшикте жинди рынок, акмак заман...
Ыйман, ызат элимдеген... унут калды,
Тазадан асманда учкан булут калды,
Эл байкуш эстен танды,
Бага албай кара жанды,
Ыйлагым келет кээде,
Карап алып калч-калч эткен кайырчы кара чалды.
Тоо заманга түктөйүп турат бүгүн
Баарын саттым, көлөкөмдү сатам бүгүн.
Көргүм келбей бетинен каны тамган
Чоңдордун ит күлкүсүн
Дайрадай өз нугунан ала салган
Оодарылып кетти заман...
Болсо экен элим аман.

Акын элдин келечеги үчүн чындыкты ханынан астында кошоматтанып, кызмат үчүн, кара курсак үчүн жасакерленбестиги, ата-мекен деп соккон акындын чынчыл жүрөгүн “Тушалган чагылган” аттуу ырлар жыйнагы дагы бир жолу тастыктады. Акын бул ыр жыйнагында ар кыл темага кайрылып, “Каар гүлү”, “Тушалган чагылган” деген бөлүктөрүндөгү ыр түрмөктөрүндө, чыгармачылыгындагы негизги лейтмотиви болгон замандын көйгөйүн чынчыл түрдө чагылдырылышы мурдагыдан да терең сүрөттөлүп берилет. Акындын “Ата Журт”, “Күндө күйүт, айда арман”, “Кайран элим”, “Түңүлгүм

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

келбейт”, “Күйүттөн чыккан күйүт күү”, “Ач карышкыр оттон коркпойт”, “Өзүндү ойлоп”, “Алдамчы кайырчылыр” ж.б. ырларында мурунку жыйнактагы ырларынан да терең мазмундуу, заманды ачык, айкын сүрөттөөгө батынган:

Өлүмүңө өмүрүм ал дебестен
очорлотуп оору кошкон ооруңа,
балдарың көп... эт кесишип этинден
жаралышкан багыңа эмес шоруңа.
Тонолсо эгер токой тоодой добулга
тамыры аман калса чыгат кулпуруп...
байлыгыңды талатканга кайгырба,
Жүрөгүңдү балталантпа Ата-Журт.
Бүгүнкү күн эртеңкиге чылап уу
Турганда бу алай-дүлөй кымгуут
Көр өзүнө көз тилген сыяктуу
Тилейин сенин амандыгың ата журт (Тушалган чагылган, 99-бет)

Акындын жогоруда мисал келтирген “Ата Журт” деген ырында сүрөттөгөндөй бүгүнкү күндүн бирден бир коркунучу экономикалык кризситен дагы, жан дүйнөнүн жакырланышы күч алып жатышы ар бир түшүнгөн окурмандын тынчын алат. Акын А.Өмүрканов заман ырларында курулай кыйкырып, эмоцияга да курулай берлибей, бардык көйгөйлүү маселени терeңден карап, конкреттүү, жеткиликтүү бере алат. Акындын “Өзүндү ойлоп” аттуу ырында кыргыздар өз каада-салтын жоготуп, улуу кичүү, эне-бала дебей аракка берилип баратышын эң элестүү берет.

Куда сөөк бирин-бири сыйлаганда,
Же өлүмдө көрүшүп ыйлаганда.
Аягына калтарбастан “аппак ич”-деп
Энеси ичет, күйөө бала, кыздар ичет...
(Тушалган чагылган, 108-б.)

-десе, дагы бир мындан дагы конкреттүү, эмоционалдуу кылып, даана сүрөттөйт:

Арак десе эки көзү күйүп жанган,
Жүздү соксо жүз төмөндөп кулап калган.
Куту качкан кудай урган балдар арбын,
Катын албай андан мурун аракты алган.
Көрүнүшү жез кемпирди элестеткен,
Уят, сыйытты унутушуп жайдак өскөн,
Кыйшаңдаган кызыл тушмук кыз көбөйдү,
Жигитинен мурунураак чылымды өпкөн. (Тушалган чагылган, 100-б.)

Эмнегедир акындын кийинки “Тушалган чагылган” жыйнагына кирген заман темасында жазылган ырларында көбүнчө замандын тескери таасиринен адамдардын моралдык, нравалык жактан бузулгандыгы кабатырлантат. Акын кандай гана турмуштук деталдарды сүрөттөбөсүн келечекке кабатырлануусу элинин дени сак болуп өркүндөшүн тилгендигин билдирет. А.Өмүрканов Заман темасынан башка эң мыкты сүйүү лирикаларынын үлгүсүн жаратты. Эпикалык позияда да жигердүү иштеп улуттук ар намыс темасын жаңыча ачып берген “Ак мактым”, “Күкүк”, “Эсайготтор” аттуу көркөмдүк жактан мыкты поэмаларды жазып, дагы бир чыгармачылык жаңы бийиктикке көтөрүлүп, кыргыз поэзиясынан өз ордун тапты.

Уюткулуу кыргыз адабиятынын мамлекети биз эгемендүү болгон жаңы тарыхындагы белгилүү таланттардын бири - Ш.Дүйшеев. Ал аз мезгилдин ичинде кыргыз поэзиясынан өз ордун таап, чыгаан сүрөткер, чебер лирик, эпик, курч тилдүү сатирик публицист акын катары өзүн көрсөтө алды. Акын ырларында сөздөрдү обу жок коозд оп шөкөттөбөйт, жөн

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

гана эмоционалдык жан киргизип, өзүнүн акындык сезимталдуулуктун күчтүү дем поэтикалык ой жүгүртүүнүн тереңдигине, масштаблуулугуна сиңирип, ырларындагы жеңил ирония, жумшак юмор сыяктуу стилдик өзгөчөлүгү ырларынын көркөмдүүлүгүн арттырат.

Эгерде поэзия турмуш чындыгынан алынып жазылбаса, ал абстрактуу ойго жык толгон мазмунсуз гана чыгарма болуп калат. Мына ушул жагынан алганда акындын ырларынын мазмунунда кайнаган турмуш чындыгы, элинин жүрөгүн өйүгөн замандын абалы “Кайдыгерлик”, “Арабадагы ыр”, “Шакен азган”, “Шамал” аттуу ырларында басымдуу көпчүлүк бөлүгүн ээлейт. Акын заман темасындагы ырларында ар бир сөзү өз ордунда туруп, алардын ар бири маани берип, көркөмдүүлүгүн арттырып – бул жөп жөнөкөй сөздөр сыйкырдуу, образдуу сөзгө айланды. Акындын “Арабадагы ыр” жыйнагындагы, “Жүз кат” деген бөлүмү бүт бойдон, ал эми “Кечмелик”, “Жалгыз жол”, “Көлөкөлөр” деген бөлүмдөрүндөгү кээ бир ырларында бүгүнкү күндүн бүтүндөй чындыгын майын чыгара сүрөттөөгө алат. Акындын “Чөп чабык”, “Айыл жазы”, “Кыз жигит, жамгыр”, “Ош базардан Ошко чейин”, “Өмүр”, “Көлөкөлөр”, “Өрт” “Шамал” ж.б. көптөгөн ырларында турмушту таамай сүрөттөөгө алып, сюжеттик өзөк, жеңил ирония сыяктуу ыкмалар менен шөкөттөп, эмоциянын күчү астында ийкемге келтирип, өзүнчө терең маанилерди туюндуруп, ар бир окурмандын сезим, табитин козгогонго жетишет. Ал эми акындын “Жүз кат” деген ырлар циклин да турмуш чындыгын дал өзүндөй бурмалабай чагылдырып отурат. М: Үчүнчү катта мындайча сүрөттөйт:

Заманың кайыр сурап,
Турат тышта тешиги жок.
Медетиң мектебинен калды быйыл

Бутунда өтүгү жок - десе, “Отуз үчүнчү катта” бүгүнкү күндөгү адилеттүүлүк менен адилетсиздиктин, акча менен ар намыстын күрөшү жүрүп акча, байлык, бийликтен ашкан эч нерсе жоктой, керек болсо алар ата Мекен, ата-энесин сатканга чейин барышаарын төмөндөгүдөй сүрөттөй:

Эң арзан мугалими,
Эң арзан жазуучусу,
Эң арзан артисти бар,
Жуп-жука бөлкөсү бар
Кыргыздын өлкөсү бар,
Кана ким сатып алат?
Бири өлүм
Бири акча-
Эки жол бар кана ким сатып алат,
Болгону эки доллар. (Арабадагы ыр, 117-б.)

Акындар ырларында жакырчылыктын айынан төрөттөн өлгөн эненин, бутуна бут кийими жок, мектепке барбаган балдардын, уурулук кылган жаштардын, айласы кетип айылын таштаган адамдардын жана дагы көптөгөн турмуш чындыгын даана чагылдырган.

Акын эпикалык поэзияда, кара сөздө да өзүнүн күчүн сынап көрүп, ал да жакшы натыйжасын берди. Ш.Дүйшеевдин кийинки “Шакен азган” деген китебинде кара сөз менен жазылган чыгармаларда да, заман көйгөйү басымдуу орундуу ээлейт. Өзгөчө акындын үч саптан турган ырлары, үч саптан турса да мазмунуна терең ой батырылып, формасы өзүнчө төп келишип турат. Мисалы:

Көп өлүп, аз жыл жашапмын
Көзүмдү жумсам-басат кум,
Көзүмдү ачсам азап-муң.

Айылды көрдүм кейпимен,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Жазында жанын тытынып,
Күзүндө шаарга тентиген

Кай жакка чачтык ырысын
Кароосуз балдар көбөйдү
Кайгысы-калың, муңу-узун. (Шакен азган, 48-б.)

Ш.Дүйшеевдин ырдын формасын түрлөбөйт, бирок окурман күтпөчүдөй жаңы көркөм сөз каражаттарын жыш колдонуп, акындык талантынын күчү менен ырынын ар бир сабына адамдык терең сезимди башынан аягына чейин сиңирип, эмоционалдуулугун арттырып турат. Акындын ар бир сөзү өз ордунда туруп, алардын ар бири маани берип, көркөмдүүлүгүн арттырып - бул жөпжөнөкөй сөздөр сыйкырлуу, образдуу сөзгө айланат. Буга ачык мисал катары эч чечмелөөсүз төмөнкү ырды окуп көрөлү:

Кейпи начар, кийими ала-дүлөк,
Керзи өтүгү өзүндөй кара жүдөөк.
Тачка сүйрөп, жан багып таңдан кечке
Ош базарда бир жетим бала жүрөт.

Каргадайдан башына токмок салган,
Каректерин карадым кош-кош жанган
Каректерин карасам от айланбай,
Чоң кишинин көзүндөй токтоп калган.

Жеңи менен мурунун сүртүп алып
Желип барат жүгүн ал түртүп алып,
Кесел богон кемпирдей тура албастан
Жерде жатат жетимге тийчү жарык.

Капты ташып карааны караңдаган.
Кабагынан баланын салаңдаган.
Ата журтум бечара сени көрдүм
Ала качып көздөрүң алаңдаган.

Билем кыргыз баласы экендигин,
Тилеп турдум теңирден эсендигиң
Жалгыз ушул баланын тачкасында
Келаткансып сүйрөлүп Мекен бүгүн (Шакен азган, 38-б.)

М.Абылкасымова, С.Абдыкадырова, А.Узакова, Р.Карагулова, А.Темирова, Б.Чотурова, Ж.Исабаева сыяктуу кыз акындарыбыз да активдүү иштеди. Алар да бүгүнкү турмуш чындыгын чагылдыруу аракетин көздөштү. М: кыргыз эл акыны М.Абылкасымованын “Үшүк” деген жыйнагы жарык көргөн. Жыйнакты ачканда эле:

Үшүк урду элимди да, жеримди,
Үшүк менен мен да бастым демимди

-деген түшүнүксүз эки сап ыры менен башталат. Үшүк деген сөздүн бир топ деңгээли, бир топ мааниси бар. Кээде адам чыйрыгып үшүйт, кээде үшүп жүрөт, кээде кышында такыр тоңуп калган үшүк бар. Акын кайсы үшүктү айтып, ал элин кантип алып, акын кантип демин басты экен деген суроо туулуп китептин ичинде бул суроого конкреттүү жооп издеп, таппай калган окурман болот. Акын жалпы эле кыйын кыстоо турмушта элинин үшүккө кабылгандыгын айтуу аракетин көздөп, бирок жогорку акындардай конкреттүү, турмуштук деталдар менен таасын сүрөттөөгө жетишкен эмес. Негизинен жыйнактын көпчүлүк бөлүгүндө сүрөттөр жана арноо ырларына орун

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

берилген. Ырларынын ичинен “Жер бетин”, “Бир азга”, “Жолдош болсун”, “Балама”, “Агат белем” деген лирикалары дурус жазылган.

Ошондой эле. К.Сариеванын “Аалам тепкичтери же өткөөл өмүр тарктаты” деген ыр жыйнагы жарыкка чыкты. Бул китепте акын өткөөл өмүр учурундагы турмушка терең сүңгүп кирип, философиялык деңгээлде сүрөттөп берүү аракетин көздөгөндүгү көрүнүп турат. Китептеги ырлар тематикалык жактан ар түрдүү берейин деген ойлору да жаман эмес, бирок акын сөзү бага билбегендиктен, ойду конркеттүү кылып бере албагандыктан, уйкаштыктын начар курулушунан жөн гана сөздөрдүн топтомдору сыяктуу болгон ырлары өтө арбын. Мисалы, китепти ачканда эле “Жылдыздуу түндөр” деген ырын окуп көрөлү:

Түн бир кербен жарык жылт-жулт
Жылдыз жанат миң азгырык.
Мени дагы канчоо сүйдү
Аны айтуунун неси кызык,
Кербен жолдош шылдыр- шыңгыр.
өз сүйүүсүн ырдоо сыймык.
Түн бир кербен. Шылдыр-шылдыр.
Аккан өмүр билбей токтоо.
Жанга жагым бул ыргакта
Махабаттын ордун жоктоо.
Дайым эске сен түшөсүң.
Көңүл жокто, оюн-шоокто,
каухар-жакут, жарык жылт-жулт
шылдыр-шылдыр... шыңгыр-шыңгыр..
толкун ойноок шалпа-шулпа.
Жел учкаяк...
Жээк токтоо...
Шылдыр-шылллдыр... жарык жылт-жулт.
Жылдыз токтоо
Жылдыз токтоо. (Аалам тепкичтери же өткөөл мезгил трактаттары, 8-б.)

Деги эле кийинки сөз эркиндиги, идеалогиялык эркиндик колго тийген заманда чыккан ыр жыйнактардын көбүндө абстрактуу ой жүгүртүү, курулай романтикага батуу, сөздү ордуна коё билүү сыяктуу маселелерге анча көңүл бурулбай, натыйжада чыныгы поэзияга коюла турган талаптарга жооп бере албаган ырлар жазылууда. Биз жогоруда макалабыздын башында айтып өткөндөй акыркы мезгилде акчалуулар, чөнтөгү калыңдар акын болуп чыга келишти. Буга ачык мисалы катары К.Мусаевдин «Кожоштун кут билими» жана К.Оторбаевдин «Жумгал дастаны» ж.б. көптөгөн чыгармаларды алсак болот.

Мисалы: К.Мусаев Ж.Баласагындын «Кутадгу билиг» дастандын өтө мажес туурап, ошол багытта «Кожоштун кут билими» аттуу 60 басма табактай көлөмүндөгү китебин чыгарды. Китепти К.Мусаев тарыхый-философиялык роман деп атаган. Бирок бул чыгармасы бул жанрдын табиятына такыр жооп бербейт. Чыгармада сюжет да, каарман да, элдин башынан өткөргөн тарыхый окуялар да сүрөттөлгөн эмес. Мында дүйнөнүн жаралышынан тарта ошо дүйнөдөгү жаман-жакшы, ак-кара жана жашоодогу баардык нерселер жөнүндө ой-жүгүртүүгө аракет кылат. Бирок автордун ой жүгүртүүлөрү чыныгы поэзиянын тили эмес, же ыр эмес, же кара сөз эмес ыр сымал саптарда жыйынтыксыз, түшүнүксүз ойлор айтылып, өзүнүн негизги дидактикалык багытындагы максатына жетпей, чаташкан ойлор, чакчалакей сөздөрдүн курандыларынан куралып калган. Буга ачык мисал:

Жер бетинде күйгөн шамдай жанып,
Адамдар да, жылдыз нурга оронуп жылтылдашып.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Жик-жиктерге бөлүү деген, багыт ушул.
Жакса да, жакпаса да таңуулаган көөдөн. (Кожоштун кут билими, 38-б.)

Мындай түшүнүксүз саптарды китептин ар бир бетинен мисал кедтирсе болот. Ал эми 2002-жыл К.Оторбаев деген автордун «Жумгал дастаны» аттуу 60 басма табак көлөмүндөгү китеби жарык көрдү. Эң кызыгы автор бул томдун ыр менен жазылган роман экенин китептин эки үч жеринде эскертет. Чын-чынына келгенде бул китепте роман формасына жооп берчү бир дагы касиет жок, мында болгону К.Оторбаевдин өмүрүндө эске калган күндөрү, Жумгал жергесинен чыккан инсандарды эскерип, кара сөз түрүндө айткан ойлорун кайра жамак-таштырып, ырга айлантканга аракеттенген. Мындан сырткары атасына, апасына, досторуна, тууган-туушкандарына, баласына, кызына, аялына арнап жазган ырларын окууга болот. Эң кызыгы К.Оторбаев биринчи эле китебинде "универсал" жазуучу болуп чыга келет. Себеби, автор китебине ырлар, кара сөз, санжыра, айтыш, сатира, поэма, очерк, новелла, эссе түрүндөгү чыгармаларын топтоштурганын эскертет. Бирок бир да чыгармасы аталган жанрларга жооп бербегендиги бизди өкүндүртөт.

Ошондуктан,мындан ары адабиятка бир цензура болуп, аз да болсо мамлекеттик деңгээлде көзөмөл кылбаса, жалпы эле көркөм адабияттын, чыгармачылыктын кадыр баркы кетүү коркунучу туулууда.

Мындан сырткары Т.Самудиновдун чебер жазылган породияларынан турган “Тандалмалары” Э.Турсуновдун “Автопортрет” жыйнагында мыкты жазылган лирикалары, Б.Алыбаев “Катаал күндүн ырлары”, Асан Жакшылыковдун дурус жазылган поэмалары, С.Абдыкадырованын “Таң нуру” аттуу жыйнактар окурмандарды кайдыгер калтырбайт.

Жыйынтыктап айтканда, биздин оюубузча акындарыбыздын бүгүнкү күндөгү эң негизги милдети улуттун улут экенини даңазалаган улуттук темага сүңгүп кирип, мурдагы адабияттын актай барактарын толтуруп, чыныгы көркөм поэзияны жаратуу милдети астыда турат.

**Адабияттар**:


1. Байтемиров Н. Кылымдар деми. –Бишкек, 1994.
2. Өмүрканов А. Күндөгү так. Ырлар жана поэмалар. –Бишкек, 1995.
3. Өмүрканов А. Асмансыз жылдар. –Бишкек: Кыргызстан, 2001.
4. Өмүрканов А. Тушалган чагылган. –Бишкек: Акыл, 2005.
5. Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр. –Бишкек: Шам, 1999.
6. Дүйшеев. Шакен азган. –Бишкек, 2004.
7. Абылкасымова М. Үшүк. Ырлар жана поэмалар.
8. Сариева К. Аалам тепкичтери жана өткөөл өмүр трактаты. Ырлар жана котормо. –Бишкек, 2005.
9. Мусаев К. Кожоштун кут билими. - I том. – Бишкек, 2000.
10. Оторбаев К. Жумгал дастаны. –Бишкек, 2002.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com